**УДК 82.343:821.512.154**
**DOI 10.33514/1694-7851-2024-4-605-611**

**Садыкбек кызы Ж.**
филология илимдеринин кандидаты, доцент
И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети
Бишкек ш.
**Абдыкалыкова Т.К.**
окутуучу
И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети
Бишкек ш.

## ЧЫҢГЫЗ АЙТМАТОВДУН ЧЫГАРМАЧЫЛЫГЫНДАГЫ МИФ ЖАНА РЕАЛДУУЛУК ПРОБЛЕМАСЫНЫН АЙРЫМ МАСЕЛЕЛЕРИ

**Аннотация:** Макалада Чыңгыз Айтматовдун миф чыгармачылыгынын жазылышынын жана жарыяланышынын хронологиялык принциби, эпикалык мотивден мифологияга, ал аркылуу эсхатологияга өткөн негизги этаптардын так аныкталгандыгы, адабий чыгармачылык менен мифологиялык традициялардын байыркы доордон бүгүнкү күнгө чейинки көп кылымдык тарыхы, анда мифке жана миф чыгармачылыкка карата мамиленин ар кандай типтери, ошондой эле анын чыгармачылыгындагы эсхатологияга өткөн этап “Кыямат” романында улантылгандыгы, андагы теориялык-философиялык ойломдун тереңдиги, адамды жана дүйнөнү ачып-түшүндүрүүнүн көркөм-эстетикалык жана абстракттуу-теориялык формаларынын жогорку деңгээлде колдонулгандыгы, андагы адамзат цивилизациясынын экологиялык-моралдык абалы, ушул процессте түпкүлүктүү философиялык негизинин өзгөчөлөнгөн символикалуу образдары жана мифтердин тарыхый-маданий процесстин жүрүшүндө өзгөрүүлөргө учурап, жаңы контекстке кошулуп трансформацияланышы окумуштуулар тарабынан терең ачылгандыгы тууралуу сөз болот.

**Негизги сөздөр**: миф, чыгармачылык, фольклор, эпикалык мотив, мифологиялык традициялар, эсхатология, хронологиялык принцип, повесть, роман, экология, мораль, семантикалык моделдер, адамзаттык рухий баалуулуктар.

**Садыкбек кызы Ж.**
кандидат филологических наук, доцент
Кыргызский государственный университет имени И. Арабаева
г. Бишкек
**Абдыкалыкова Т.К.**
преподаватель
Кыргызский государственный университет имени И. Арабаева
г. Бишкек

## НЕКОТОРЫЕ ВОПРОСЫ ПРОБЛЕМЫ МИФА И РЕАЛЬНОСТИ В ТВОРЧЕСТВЕ ЧИНГИЗА АЙТМАТОВА

**Аннотация:** В статье рассматривается хронологический принцип написания и издания мифологических произведений Чынгыза Айтматова. Кроме того, представлен

переход от эпических мотивов к мифологии, через нее – к точному определению основных этапов эсхатологии. Исследована многовековая история литературного творчества и мифологических традиций с древнейших времен до наших дней, различные типы отношения к мифу и мифологическому творчеству. Детально изучено продолжение этапа эсхатологии в его творчестве через содержание романа «Плаха». На основании проведенного исследования сделан вывод о том, что открытие ученых связано с глубиной теоретической и философской мысли, высоким уровнем использования арктических, эстетических и абстрактно-теоретических форм раскрытия и объяснения человека и мира, экологического и нравственного состояния человеческой цивилизации в нем, символических образов изначальной философской основы в этом процессе, трансформации мифов в ходе историко-культурного процесса и трансформации в дополнение к новому контексту.

**Ключевые слова:** миф, творчество, фольклор, эпический мотив, мифологические традиции, эсхатология, хронологический принцип, повесть, роман, экология, мораль, семантические модели, духовные ценности человека.

**Sadykbek kyzy J.**
Candidate of Philological Sciences, Associate Professor
Kyrgyz State University named after I. Arabaev
Bishkek c.
**Abdykalykova T.K.**
teacher
Kyrgyz State University named after I. Arabaev
Bishkek c.

## SOME ISSUES OF THE PROBLEM OF MYTH AND REALITY IN THE WORK OF CHINGIZ AYTMATOV

**Annotation:** The article discusses the chronological principle of writing and publishing mythological works of Chyngyz Aitmatov. In addition, a transition from epic motifs to mythology is presented, and through it to a precise definition of the main stages of eschatology. The centuries-old history of literary creativity and mythological traditions from ancient times to the present day, various types of attitudes towards myth and mythological creativity are studied. The continuation of the stage of eschatology in his work through the content of the novel "The Scaffold" is studied in detail. Based on the study, it was concluded that the discovery of scientists is associated with the depth of theoretical and philosophical thought, the high level of use of arctic, aesthetic and abstract theoretical forms of revealing and explaining man and the world, the ecological and moral state of human civilization in it, symbolic images of the original philosophical basis in this process, the transformation of myths during the historical-cultural process and transformation in addition to the new context.

**Keywords:** myth, creativity, folklore, epic motif, mythological traditions, eschatology, chronological principle, story, novel, ecology, morality, semantic models, human spiritual values.

Адабиятчы жана философ К. Ибраимов “Ч. Айтматовдун гуманисттик философиясындагы миф жана дүйнө түшүнүгү” аттуу монографиясында анын белгилүү чыгармаларынын жазылышынын жана жарыяланышынын хронологиялык принцибин ошо калыбында сактоо менен жазуучунун чыгармачылыгындагы эпикалык мотивден мифологияга, ал аркылуу эсхатологияга өткөн негизге этаптарды так аныктаганын Айтматов таануучу К. Асаналиев баса белгилейт [3].

Чынында эле Ч. Айтматовдун чыгармачылыгындагы ушул эсхатологияга өткөн этап “Кыямат” романында улантылат десек жаңылышпайбыз. Жазуучу ушул чыгармасында өзүнүн теориялык-философиялык ойломунун терендигин, адамды жана дүйнөнү ачып-түшүндүрүүнүн көркөм-эстетикалык жана абстракттуу-теориялык формаларын жогорку деңгээлде колдоно аларын көрсөттү. Роман азыркы адамзат цивилизациясынын эсти чыгарган экологиялык-моралдык абалын, улам берилип келе жаткан эсхатологиялык коркунучту жана ушул процессте түпкүлүктүү философиялык негизин өзгөчөлөнгөн символикалуу образдар аркылуу эске салат. Чыңгыз Айтматовдун чыгармачылыгындагы эпикалык мотивдердин, мифтер менен мифологиялардын табиятын белгилүү окумуштуулар К. Асаналиев, Г. Гачев, К. Ибраимов ж.б. дүйнөлүк адабияттын контекстинде терең ачып беришкен [3, 4, 6].

Демек, Ч. Айтматовдун чыгармачылыгындагы мифология маселелери жана дүйнөнүн улуттук картинасы проблемасы биринчи жолу жогорку деңгээлде, фундаменталдуу изилденген. Ал эми К. Ибраимов Ч. Айтматовдун чыгармачылыгын баштан аяк аралап өткөн трагедиянын изин – кандуу катаал согушта жакындарынан айрылган кыргыз аялынын тагдырын, жашоодогу жана жаратмандык ишиндеги эң кымбат нерсесинен, ишениминен айрылган Танабайдын; наристелик кыял-тилеги ташбоордук менен талкаланган аты жок Баланын, Ана-Бейиттин трагедияларын жана Моюнкумдагы кыямат-кайымга айланган кызыл-кыргынды жазуучунун дүйнө түшүнүгү жана мифтик көз карашы аркылуу бүгүнкү күндөгү философиялык жана эстетикалык ойдун деңгээлинде ачып берет [6]. Белгилүү го, адабият мифология менен жомок жана элдик эпос аркылуу жалаң эле генетикалык жактан эмес, ошондой эле турмуш чындыгын чагылдыруу тиби боюнча да тыгыз байланышат (мазмундуу образдуулук). Ошондон улам ал өзүнүн мифтен өнүм алганы алда качан унутулганына карабай, өнүгүүнүн кийинки этаптарында дагы өз кыртышындагы мифологиялык негизден кол үзө албай жатат. Бирок миф менен операция жүргүзүү адабияттын реалисттүүлүгүн жокко чыгара албайт .

Мифтин спецификасы алгачкы маданияттан өзгөчө даана көрүнөт. Анда мифтин өзү “рухий маданияттын” же “илимдин” эквиваленти жана максаттуу система катары болот, анын терминдеринде бүтүндөй дүйнө сыпатталат жана кабыл алынат. Кийинчерээк тарыхый эволюциянын жүрүшү мифологиядан коомдук аң-сезимдин адабият, искусство, илимдин идеологиясы сыяктуу формалары бөлүнүп чыгып, алар жаңы структурага кошулганда, миф акырындык менен догманын формасына же диний доктринага ээ болот. Ошондон улам мифологиянын татаал жана көп маанилүү мазмунуна теологиянын деңгээлинде иштелип чыккан **догматикалык жана доктриналдык** курулмалар каршы турат. Мифологиялык традициялардын унификациялануу, алардын нормативдик мүнөзгө өтүү процесси ушундай шартта ишке ашат да, фольклор менен дин мифологияны басып өтүүнүн жана сактоонун жолуна айланат [8].

Жалпы адамзаттык мааниге ээ мифтер ушундан кийин көркөм аң-сезимге агылып кире баштаган. Тарыхый-маданий процесстин жүрүшүндө өзгөрүүлөргө учураган, жаңы контекстке кошулуп трансформацияланган. Ошондон кийин ал адабий чыгармачылыктын айлампасына кирген. Муну дүйнөгө белгилүү окутуштуу Ф. Х. Кессидинин сөзү менен айтсак, "миф субьективдүү таасирлер менен сарсанааларды обьективдештирет, анда ошол обьективдештирүүнүн натыйжасы катарындагы элестетүү продуктулары тышкы дүйнөнүн накта реалдуулугундай кабыл алынат [7].

Айтор адабий чыгармачылык менен мифологиялык традициялардын байыркы доордон бүгүнкү күнгө чейинки көп кылымдык тарыхын карай келсек, анда мифке жана миф чыгармачылыкка карата мамиленин ар кандай типтери кездешет. Маселен, XX кылымдын 60-жылдарынын аягында, 70-жылдарынын башында неомифологиялык тенденциялар совет адабиятында, асыресе анын чыгыштык орус тилдүү жазуучулардын чыгармачылыгында, улуттук фольклор же лирикалык-медитация мүнөздөгү мифология басымдуулук кыла баштаганы илимий адабияттарда белгиленет. Ошолордун алдынкы сабында Чыңгыз Айтматовдун аты аталганы белгилүү. "Эгерде бул маселеге (мифке) дүйнөлүк контекстте жалпыланган планда мамиле жасасак, анда бул биздин мурдагы муундардын осуяты деп эсептейм... Ооба жазуучулар аны алгач алган учурда ал жарым фабрикат сыяктанып чийки келет. Мен ошондой кабылдайм, бул мен үчүн жарым фабрикат, чийки каражат. Бирок мифтин өз алдынчалыгын сактап калууга, аны жаңыча таанып-билүүгө жана байытууга көмөк көрсөтүү үчүн өз текстим, өзүмдүн көркөм системам менен алмаштырууга тийиш болом. Бул ыкма. Ошол эле учурда бул азыркы мезгилдеги ой жүгүртүүнү өткөндүн көркөм ой жүгүртүүсү менен жуурулуштуруу десек болот,"- дейт ал [2].

Мына ушул ыкма Ч. Айтматовго көп маанилүү символдор катарындагы Жер эненин жана Саманчынын жолунун метафоралык образдарын, «Гүлсарат" повестинин башкы каарманы Танабайдын тагдыры менен чырмалышкан байланыштагы жалпыланган – аллегориялык, мифологиялык, философиялык конструкциялар жана притчалар (каз-адам, тоо-адам, Гүлсарат-Танабай, байыркы кошок – "Карагул ботом") аркылуу катмарланган маанидеги параболалык көркөм системаны, "Ак кемедеги" Бугу-Эне жөнүндөгү легенданын негизинде элдин рухий көрөңгөсүн туюндурган моралдык абсолютту, адам менен табияттын ортосундагы драманын, трагедиянын, идеалдын жана эсте тутуунун символу Кожожаштын, Сурэчкинин образын, "Кылым карытар бир күн" романынын көркөм структурасындагы Эдигейдин тарыхын, фантастикалуу космологиялык мифти, Ана-Бейит жөнүндөгү легенданын концептуалдык негизинен чыккан маңкурт тууралуу уламышты жаратканга кызмат кылды [6].

Айтматовдун мифопоэтикалык мамилеси чагылдырылган «Ак кеме» повестинде автор үмүттү жана кыйынчылыктарды жеңүүнү символдоштурган ак кеменин мифологиялык мотивин колдонот. Ар кандай сыноолордон жана коркунучтардан өтүп, окуянын каармандары өз ишенимин жоготпой, жаркын келечекке умтулушат. Ушул нерсе окуяны укмуштуудай жандуу жана таасирдүү кыларын Н. Жумадилова макаласында баса белгилейт [5].

Ал эми "Кыямат" романында (Ч. Айтматов улуттук фольклордун чегинен чыгып, мындан эки миң жыл илгери христианчылык менен бирге адегенде Жер ортолук деңиздин тегерегиндегилердин, анан жалпы европа чөлкөмүндөгүлөрдүн дүйнө таанымына кирген мифологиянын өтө спецификалуу деп эсептелген тибине ("Библияга") кайрылган. Анын бул аракети айрым окумуштууларга өөн учурап, романдын журналдык варианты жарык көрөрү

менен ошолордун сынына кабылган. Жазуучунун ошол мифке же инжил жомогуна кайрылуусу чын эле чекилик болгонбу – ободу ушуну түшүнүүгө аракет кылалы. Тарыхый жана жайгерчилик маалыматтар аркылуу жадыбызга жат болуп калган ошол миф (“Библия”) “Ветхий завет” жана “Новый завет” аттуу эки бөлүктөн турары бизге жакшы белгилүү (завет – мистикалык келишим же шериктештик). Анын "Новый завет" деген экинчи бөлүгүнүн борборунда так ушул личносттук тандоо проблемасы турат: болмуштун ордуна өздүк аң-сезим, космологиянын ордуна – этика. Ушунусу менен жаңы мифология өзүн тарыхтын формаларында констатациялайт. Анын структуралары бийиктиктин (мифологиялык-теологиялык) жана пастыктын (тарыхтык-тиричиликтик) парадоксалдуу биримдигинен куралган, орто кылым үчүн жаңы шериктештик-мифологема бардык нерсенин чени катары кабыл алынып, орто кылымдын эстетикалык дүйнөсү Христостун тегерегине уюштурулган.

Ырас “Новый завет” терминининин ары жагында христиандык көз караш жана дүйнөнү кабылдоо модели жатат. Ошого ылайык байыркы мезгилде Кудай тарабынан закондуу аткарууга негизделип бир эл (еврейлер) менен түзүлгөн келишим (шериктешитик), Иисус Христос келгенден кийин рухка жана чындыкка кызмат кылуу шарты коюлуп, бардык элдер менен жаңы келишим түзүлгөн. Христиан аттуулардын баарына тиешелүү “Новый заветтин” курамында төрт Евангелия бар. Ошолордун төртүнчүсү “Иоанн Богословдун көзү ачыктыгы” же Апокалипсис деп аталат. Анда Жакшылык менен Жамандыктын кыямат-кайым маалындагы акыркы күрөшү жөнүндө алдын ала айтылат [9]. Азыркы илимде ал “эсхатология” (адамдардын жана дүйнөнүн тагдыры жөнүндөгү диний окуу) деген термин менен берилет. Ал индивидуалдуу эсхатология жана бүткүл дүйнөлүк эсхатология деп бөлүнөт. Биринчиси бир адам жанынын “тиги дүйнөдөгү” өмүрү, экинчиси – космос менен тарыхтын жана алардын жок болушу жөнүндө [11].

Мындан эки миң жыл илгери жаралып, системага салынып, универсалдуу символго айланган мифтин чыгыш теги, структурасы жалпы жонунан ушундай экен. Эгерде мифология түмөндөгөн түркүн элдин бейаңдык-көркөм ишмердигинин туундусу катары эсептелип, тарыхый өнүгүүнүн белгилүү бир этабында ал ошол элдин өзүн курчаган дүйнөнү таанып-билүүгө умтулуусу, аны конкреттүү көрүнгөн образ түрүндө жаратуусу деп таанылса, жалпы адамзаттык маани-маңызга эгедер ошол элдик мифтердин Ч. Айтматовго чейин эле азыркы көркөм аң-сезим чөйрөсүнө агылып кирип, аңыз кылып айтылган поэтикалык, прозалык чыгармалардын бийик үлгүлөрүнүн жаралышын шарттаса, анда Чыңгыз Төрөкуловичке карата айтылган сындар тенденциялуу болуп калат го. Мифте, легендада, уламышта жалпы адамзаттык баалуулуктардын очогу жатат. Демек, ал адам аттуунун баарына тиешелүү, демек, ал – жалпы адамзаттык казына. Айталы, инжил жомогун, ушул притчаны христиандар гана пайдалансын деген көрсөтмө жок. Анда “рухка жана чындыкка” кызмат кылуу шарты коюлуп, бардык элдер менен жаңы келишим түзүлгөнү айтылып жатат.

Анткен менен “Кыямат" романынын авторуна карата айтылган субъективдүү пикирлер эки нерсени: христиан дининин башка диндерден артыкчылыгын трактовкалоо тенденциясын; мусулман дининдеги жазуучу архаикалык аң- сезимдин семантикалык моделдерине жана көркөм формаларына кайрылып, мифке интеллектуалдык мамиле кылуунун бийик үлгүсүн жана дин аттуунун баарына анын көз карашы толеранттуу, гумандуу жана демократиялуу экенин көрсөттү. Кандай деген күндө да Ч. Айтматов – планетардык масштабда ойлонгон жазуучу. Ал архаикалык аң-сезим жараткан, турмуш-тиричиликтин универсалдуу маани-маңызына чыкталган мифтик-поэтикалык

чыгармалардын бүгүнкү бийик интеллектке эгедер адамдын рухий-көркөм турмушундагы маанисин терең түшүнөт. Анын үстүнө эстетикалык-эмоционалдык таасир күчү алигече жана элек мифтердин поэтикасын жана сюжетин пайдалануу адам болмушунун акылды алекке салган проблемаларын аңдап түшүнүүдө алда-канча натыйжалуу болорун дүйнөлүк адабияттын идеялык эстетикалык тажрыйбасында ырастап жатпайбы. Ч. Айтматовдун улуттук жана жалпы адамзаттык рухий баалуулуктарга кайырылуусу ушундай планда чечмеленүүгө тийиш.

Белгилүү болгондой XX кылымдын экинчи жарымында дүркүрөп өнүккөн илимий-техникалык прогресс, бир жагынан адамзатты үрөй учураган ядролук куралдын барымтасына айландырса, экинчи жагынан анын жашоо чөйрөсүн камсыз кылган экосистема бузулуп, бүтүндөй биосфера бүлгүнгө учуроо абалына кептелди. Мындай кырдаал, эң оболу, адам кудайын таанбай, өзүн кудай катары сезе баштагандан улам жаралды. Ал адам акылынын ыйык көрүп пир туткан нерселеринен ажырашына, ыйман-ынсаптын кетишине алып келди. Ошондой айласыз шартка кабылган, абдырап эртеңкисинен үмүтүн үзө баштаган пенде кыямат-кайым болуп кетпегей эле деген коркунуч менен жашоого өттү . Ошондой коркунуч менен маңдай-тескей турганда ар бир акын же жазуучу эсхатологияча ойлонуш керектигин баса белгилеген белгилүү философ, окумуштуу А. Ф. Лосевдун пикири боюнча, бул эртең эле кыямат-кайым болуп кетет деген маанидеги ой эмес, бул, эгерде азыр, бүгүн так ушулардай маселени чечүүгө аракет кылышпаса, ошондой болушу мүмкүн деген маанидеги ой [10].

Ч. Айтматовдун “Кыямат” романында ошондой коркунучтун алдын алууга аракети жасалган. Жалпы адамзатты түйшөлткөн проблеманы чагылдырууда өзүнүн инжил жомогуна кайрылганын жазуучу мындайча түшүндүрөт: “Европалык аң-сезим ушундай, ал адеп-ахлактык, моралдык түшүнүктөр менен, жамандык жана жакшылык менен туш болгондо уламыш боюнча эки миң жыл илгери Иерусалимдин алдында, Кашка дөбөдө колу буту жыгачка керилип, маталган инсанга эрксизден кайрылат элем. Бул башталыштын башталышы. Мурда болгон нерселердин бардыгы, бардык окуялар менен адамдар, мейли реалдуу болсун, уламыш катары, миф катары кабылданат. Ал эми адамдар талашсыз ойлоп тапкан даңазалуу Христос биздин түшүнүгүбүздө жеке эрдик менен асылзаттыктын унутулгус даңазалуу сабактарын тартуулаган жандуу фигура. Андан кийин да улуу ишмерлер, азап-тозоктон шору кайнагандар менен такыбалар жана тескерисинче, антихристтер да турмуштун бардык чөйрөсүнөн учураган … Ал эми Иисус болсо баарынан узак өмүр сүрдү, анткени ал экинчи да, жыйырманчы да кылымдын адамына бирдей кайрылат [1].

Мына ушундай бийик идеяларды, жаркын умтулууларды туу тутуп жашаган, пенде аттууну аздектеп аяганга, сүйгөнгө үндөгөн, анан ошол идеялары үчүн азап-тозок тарткан Христостун образы жазуучуга анын жолун улап, устатындай умтулуулар менен жашаган жана ыйман-ызаттан айрылган, жан дүйнөсү кереӊ чөйрөдө өмүрү трагедия менен аякталган Авидий, аруу ниет, акыйкат жашоого умтулган, бирок анысын трагедияга алып келген Бостон сыяктуу каармандардын жаралышын шарттаган. Романдын көркөм структурасында, Ч. Айтматов белгилегендей, “Авдий Каллистратов мезгил катмарын бириктирип, өз ара байланыштырып турган фигура. Ал өзүн бүткүл адамзат маданиятынын мураскери катары көргүсү келет”.

Ошондон улам диний семинариядан кийинки Авдийдин тандап алган жолун” Христосту “тууроочулук катары, нравалык өсүп-өркүндөө катары” түшүнүү керек. Авдий орус диний

философиясынын ачылыштарын жана эң алдыңкы билимди алып жүргөн адам, ал өзүнүн рухий изилдөөсүндө ошолорго таянат. Негизги адам жөнүндөгү христиандык концепция “адам кудай” Христос жөнүндөгү окуудан чыгат экен. Эгерде белгилүү адабиятчы жана философ К. Ибраимовдун, орус окумуштуулары С. С. Аверинцевдин, А.Я. Гуревичтин эмгектерине негизделген пикирин сомолоп кыскартып айтсак, кудайдын адамдар дүйнөсүнө келиши – бул дарыгерчилик чарасы, адамдардын күнөөсүнүн жана шорунун натыйжасы. Адам кудай “Христос” жөнүндөгү ушул концепция пайда болгондон тартып, тарых христиан окуусунда эсхатологиялык процесс катары карала баштайт. Анын борборунда тарыхтын жүрүшүн аныктаган, ага жаңы маани-маңыз берген жана анын андан кийинки өнүгүүсүнүн баарын алдын ала жөнгө салган чечүүчү сакраменталдык факт – Христостун келиши жана өлүмү турат. Расмий христианчылык пенделерди соттоо жердеги тарых аяктагандан кийин болот деп окуткан: соттун милдетин өлгөндөр тирилип, өзү экинчи ирет келген Христос аткарат. Ушул “адам кудай” жөнүндөгү концепциянын уңгулуу идеясы Ч. Айтматовдун романынын жаралышына зор таасир тийгизгени көрүнүп турат. Муну анын: ”Өз маани-маңызын күнү бүгүнкүдөй сакталып келаткан христиандык символика сыяктуу адамзат байланышына кайрылуу да ушундан келип чыгууда” деген сөзү ырастап турат. Ошентип, канча бир кылым мурдагы тарыхый таржымалды, тагыраак айтканда Инжил жомогун, бүгүнкү күндө пайдалануу менен типтүү шарттагы типтүү каарманды жаратса болорун “Кыямат” романынын көркөм логикасы ырастады.

**Колдонулган адабияттар**


1. Айтматов Ч. “Кыямат” романы [Текст] // Айтматов Ч. “Кыямат” «Ала-Тоо” журналы. – 1997. – 14-октябрь. – 3 б.
2. Айтматов Ч. Чыгармаларынын он томдук толук жыйнагы. [Текст] / Башкы ред. А. Акматалиев. 4 том. – Бишкек: 2018. – 67-68 б.
3. *Асаналиев* К. *Возрождение эпоса*. [Текст] / *Асаналиев* К. *Возрождение эпоса* Айтматов Ч. Избранное. Фрунзе: Кыргызстан, 1983. – 592 с.
4. Гачев Г. Чынгыз Айтматов и мировая литература. [Текст] / Гачев Г. Чынгыз Айтматов и мировая литература. – Фрунзе., Кыргызстан.1982. – с. 285.
5. Жумадилова Н. Чыңгыз Айтматовдун чыгармаларындагы мифопоэтикалык мамиле // Арабаев жарчысы. – 2023. – № 3. – 170-173-б.
6. Ибраимов К. Чингиз Айтматов как мифотворец-мудрец века (Монографическое исследование). – Бищкек: Изд. «Турар». – 2018, – с. 5.
7. Кессиди Ф. От мифа к логосу. [Текст] / Становление греческой философии. Алетейя: 2003. СПб
8. Краткая литературная энциклопедия. [Текст] / Советская энциклопедия. – Москва: 1967 т. 4, – с. 87)
9. Литературный энциклопедический словарь. [Текст] / Литературный энциклопедический словарь. – Москва: Советская энциклопедия. 1987, – С 53-54.
10. Лосев А. Ф. Страсть к диалектике. [Текст] / – Страсть к диалектике. Москва: Советский писатель, 1990. – С 78.
11. Советский энциклопедический словарь. [Текст] / Советская энциклопедия. – Издание третье. – Москва: 1984, – С 155.


**Рецензент: филология илимдеринин кандидаты Ыйсаева Н.**